**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т.А.**_______________
**«21» май 2026-ж.**

**Кошумча баракча - бейтап үчүн маалымат**
**Ботик, 66,66 мг/мл, ичип кабыл алуу үчүн тамчылар**
Таасир берүүчү зат: симетикон

**Препаратты кабыл алуунун алдында кошумча баракчаны толугу менен окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалыматтар камтылган.**

- Препаратты ар дайым кошумча баракчада көрсөтүлгөндөй же дарыгериңиз же дарыкана кызматкериңиз айткандай кабыл алыңыз.
- Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сизге аны кайра окуп чыгууга керек болушу мүмкүн.
- Эгерде сизде кошумча суроолор пайда болсо, дарылоочу дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.
- Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарылоочу дарыгерге, дарыкана кызматкерине же медициналык айымга кайрылыңыз. Бул сунуш ар кандай мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө саналбагандарга да тиешелүү.
- Эгер абалыңыз жакшырбаса же начарласа, дарыгерге кайрылыңыз.

**Кошумча баракчасынын мазмуну**

1. Боботик препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.
2. Боботик препаратын кабыл алуунун алдында эмнелерди билүү керек.
3. Боботик препаратын кабыл алуу.
4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар.
5. Боботик препаратын сактоо.
6. Таңгакчанын курамы жана башка маалыматтар.

## 1. Боботик препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат

Боботик препаратынын таасир берүүчү заты – ашказан-ичеги жолунун функционалдык бузулушун дарылоо үчүн дарылардын тобуна кирген симетикон; ашказан-ичеги жолунун функционалдык бузулушун дарылоо үчүн башка препараттар.

Боботик ашказан жана ичеги газы менен байланышкан башка симптомдору менен байланышкан ооруну азайтат. Боботиктин курамында газ көбүкчөлөрүн жок кылган симетикон бар.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Боботик препараты чоңдорго жана 28-күндөн баштап балдарга төмөнкү учурларда колдонулат:

- ымыркайларда ичеги колигинин симптомдорунун болушу (ичеги дубалынын интенсивдүү жыйрылуусунан улам ичтин карышма оорусу);
- ашказан-ичеги жолунда (АИЖ) газдын ашыкча пайда болушу жана топтолушу (анын ичинде метеоризм, операциядан кийинки мезгилде газдын көбөйүшү);
- функционалдык диспепсия менен шартталган ашыкча газдын пайда болушу (ички органдардын түзүмүн бузбастан ичтин оорушу же оңтойсуздук сезими);
- ич көңдөйүн жана жамбаш органдарын диагностикалык изилдөөлөргө даярдоо (ультра дабыштык изилдөө (УДИ), рентгенография, кызыл өңгөчтү же ичегилерди изилдөө (эзофагогастродуоденоскопия) ж.б.), анын ичинде текшерүү учурунда так сүрөттү алуу үчүн контрасттык заттарга кошумча катары;
- көбүктү басуу катары, көбүктү пайда кылуучу каражаттарды камтыган (тензиддер) жуучу каражаттар менен катуу уулануу.

Эгерде жакшыруу байкалбаса же сиз начарлоону сезсеңиз, дарыгерге кайрылыңыз.

**2. Боботик препаратын кабыл алуунун алдында эмнени билүү керек**

**Каршы көрсөтмөлөр**

**Боботик препаратын кабыл албаңыз, эгерде:**

- эгерде сизде симетиконго же дары препаратынын башка бардык курамдык бөлүктөрүнө аллергияңыз бар болсо (кошумча баракчанын 6-бөлүмүн караңыз);
- эгерде сизге ашказан-ичеги жолунда өткөрүмсүздүк диагнозу коюлган болсо;
- эгерде сизде өткөрүмсүздүктүн төмөндөшү (обструкция) менен коштолгон ашказан-ичеги жолунун оорулары аныкталса;
- эгерде сиздин балаңыз 28 күнгө чыга элек болсо.

Эгерде жогоруда аталгандардын кайсы бири сизге же балаңызга тиешелүү болсо, дарылоочу дарыгерге маалымдаңыз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана сактык чаралары**

Боботик препаратын кабыл алуунун алдында дарылоочу дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

Препараттын курамында кант жок, эгер сизде кант диабети же тамак сиңирүү оорулары бар болсо, препаратты кабыл алсаңыз болот.

Дарылоо учурунда газдалган суусундуктарды ичүү сунушталбайт.

Сураныч, бул дары препаратын колдонуу кээ бир диагностикалык тесттердин натыйжаларына тоскоол болушу мүмкүн, мисалы, гваяк чайырын колдонуу менен тест жүргүзүү (кандын бар-жогуна заңды изилдөө ыкмасы).

**Балдар**

Бул препаратты 28 күнгө чейинки балдарга бербеңиз, анткени анын коопсуздугу жана натыйжалуулугу аныкталган эмес.

**Башка препараттар жана Боботик препараты**

Дарыгериңизге билдириңиз, эгерде сиз препаратты кабыл алып жатсаңыз, жакында кабыл алган болсоңуз же кандайдыр бир башка препараттарды кабыл алууну баштай турган болсоңуз. Симетикон пероралдык антикоагулянттардын (кандын уюшун алдын алуу үчүн ичип кабыл алынган дары каражаттар) сиңишине тоскоол болушу мүмкүн.

**Кош бойлуулук жана эмчек эмизүү**

Эгерде сиз кош бойлуу же эмчек эмизген болсоңуз, кош бойлуу болушум мүмкүн деп ойлосоңуз же кош бойлуу болууну пландап жатсаңыз, бул дары препаратын кабыл алуунун алдында дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

**Кош бойлуулук**

Кош бойлуу учурунда дары препаратын колдонуу эне үчүн күтүлгөн пайда түйүлдүк үчүн потенциалдуу коркунучтан жогору болгон учурда гана мүмкүн болот.

**Эмчек эмизүү**

Эмчек эмизген аялдар үчүн дары препаратынын коопсуздугу жөнүндө маалыматтар жок. Эмчек эмизүү учурунда препаратты кабыл алуу зарыл болгон учурларда гана колдонууга болот.

**Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө**

Препарат унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

**Боботик препараты метилпарагидроксибензоатты камтыйт, пропилпарагидрокси-бензоат бар**

Дары препаратынын курамында метилпарагидроксибензоат бар (Е 218) жана пропилпарагидроксибензоат (Е 216) бар, алар аллергиялык реакцияларды (анын ичинде кечиктирилген) пайда кылышы мүмкүн.

**Боботик препаратынын курамында этанол бар**

Бул дары препараты аз өлчөмдө этанолду (алкоголду) камтыйт, 12 мл (324 тамчы) максималдуу дозадагы 11,5 мг дан азыраак. Бул дары препаратында аз өлчөмдөгү алкоголдук таасир байкалбайт.

## 3. Боботик препаратын кабыл алуу

Препаратты дайыма дарылоочу дарыгердин же дарыкана кызматкеринин сунуштарына ылайык кабыл алыңыз. Күмөн саноолор пайда болсо, дарылоочу дарыгер менен кеңешиңиз.

**Сунушталган доза**

Ашказан-ичеги жолунда газдын пайда болушу жана газдын топтолушу күчөгөн учурда:

- 28 күндөн баштап 3 жашка чейинки балдарга суткасына 4 жолу 8 тамчы (20 мг симетикон);
- 3 жаштан баштап 6 жашка чейинки балдарга суткасына 4 жолу 14 тамчы (35 мг симетикон);
- 6 жаштан жогорку балдар жана чоңдорго суткасына 4 жолу 16 тамчы (40 мг симетикон).

**Диагностикалык процедураларга даярдоо:**

Ашказан-ичеги жолунун рентгенографиялык изилдөө

Препаратты изилдөөгө чейин бир күн мурун, препаратты суткасына 2 жолу (эртең менен жана кечинде) кабыл алынат:

- 28 күндөн 3 жашка чейинки балдарга 10 тамчы (25 мг);
- 3 жаштан 6 жашка чейинки балдарга 16 тамчы (40 мг);
- 6 жаштан ашкан балдар жана чоңдорго – 20 тамчы (50 мг).

Ашказан-ичеги жолун ультра дабыштык изилдөө (АИЖ УДИ)

Текшерүүгө бир күн калганда, дары препаратын суткасына 2 жолу (эртең менен жана кечинде) рентгендик изилдөөгө даярдануу үчүн сунушталган дозаларда кабыл алынат. Изилдөөгө чейин үч саат мурун, дозасын кайталап колдонуу керек.

Көбүктү басуу катары, көбүктү пайда кылуучу каражаттарды камтыган (тензиддер) жуучу каражаттар менен катуу ууланну.

Доза уулануунун оордугуна жараша дарыгер тарабынан белгиленет:

| **Жаш курак** | **Доза** |
|---|---|
| Балдар | 1,5 тен 6 мл чейинки препарат (40 -160 тамчы) |
| Чоңдор | 6 дан 12 мл ге чейинки препарат |

**Куюу жолу жана/же ыкмасы**

Ичип кабыл алынат, тамактан кийин.

1 мл препаратта болжол менен 27 тамчы камтылган.

Колдонуунун алдында дары препараты менен бир тектүү эмульсия алынганга чейин флаконду чайкаңыз.

Дары препаратын так дозалоону камсыз кылуу үчүн инстилляция учурунда флаконду вертикалдуу кармаңыз.

Дары препаратын, өзгөчө кичинекей балдарга жеңилирээк киргизүү үчүн, препаратты бир аз кайнатылган муздак сууга, балдар тамак-ашына же газдалбаган суюктукка алдын ала аралаштырууга болот.

**Дарылоо узактыгы**

Симптомдор жок болгондо препаратты кабыл алууну токтотуу керек.

**Эгерде сиз Боботик препаратын керектегенден көбүрөөк кабыл алган болсоңуз**

Эгерде сиз Боботик препаратын керектегенден көбүрөөк кабыл алган болсоңуз, анда дары препараты ашказан-ичеги жолунда сиңбей тургандыгын жана ашыкча дозалоо өмүргө жана ден-соолукка коркунуч жаратпай тургандыгын эске алыңыз.

**Эгерде сиз Боботик препаратын кабыл алууну унутуп калсаңыз**

Өткөрүлгөн дозанын ордун толтуруу үчүн эки дозаны кабыл албаңыз.

Дары препаратын колдонуу боюнча суроолоруңуз болсо, дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.

**4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар**

Бардык дары препараттары сыяктуу эле, Боботик препараты терс таасирлерди пайда кылышы мүмкүн, бирок алар бардыгында эле пайда боло бербейт.

**Жыштыгы белгисиз** (колдо болгон маалыматтардын негизинде баалоо мүмкүн эмес):

- аллергиялык реакциялар өнүгүшү мүмкүн.

**Жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүү**

Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз таасирлер пайда болсо, дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз. Аларга кошумча баракчада көрсөтүлбөгөн жагымсыз реакциялар дагы кирет. Сиз ошондой эле, Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин системасы аркылуу дары каражатынын жагымсыз реакциялары тууралуу билдирсеңиз болот (төмөндү караңыз). Жагымсыз реакциялар жөнүндө кабарлоо менен, сиз препараттын коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк билүүгө жардам бересиз.

Россия Федерациясы
Саламаттык сактоодогу көзөмөлдөө боюнча федералдык кызмат
Дареги: 109012, Москва, Славянская аянты, 4-үй, 1-курулуш
Телефон: +7 800 550 99 03
Электрондук почтасы: pharm@roszdravnadzor.gov.ru
«Интернет» маалыматтык-телекоммуникация тармагындагы сайты:
https:// www.roszdravnadzor.gov.ru/

Армения Республикасы
«Дарыларды жана медициналык технологияларды экспертизалоо борбору» МКЭУ
Дареги: 0051, Ереван, Комитас пр. 49/5
«Тез байланыш» телефону: (+374 10) 20-05-05, (+374 96) 22-05-05
Электрондук почтасы: vigilance@pharm.am
«Интернет» маалыматтык-телекоммуникация тармагындагы сайты: https://www.pharm.am

Беларусь Республикасы
«Саламаттык сактоо боюнча экспертиза жана тестирлөө борбору» УИ
Дареги: 220037, Минск ш., Товарищеский туюк көч., 2а
Телефон : +375 (17) 242 00 29
Факс: +375 (17) 242-00-29
Электрондук дареги: rcpl@rceth.by
«Интернет» маалыматтык-телекоммуникация тармагындагы сайты: https://www.rceth.by/

Кыргыз Республикасы
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Дареги: 720044, Бишкек ш., 3-Линия көч., 25
Телефон: +996 (312) 21-92-88
«Тез байланыш» телефону: 008 800 26 26
Тел. факс: +996 (312) 21-05-08
Электрондук дареги: dlsmi@pharm.kg
«Интернет» маалыматтык-телекоммуникация тармагындагы сайты: https://www.pharm.kg/

## 5. Боботик препаратын сактоо

Препаратты бала көрө албагандай кылып балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Препаратты кутудагы көрсөтүлгөн «…чейин жарактуу» деген сөздөн кийин көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү (сактоо мөөнөтү) өткөндөн кийин препаратты колдонууга болбойт. Жарактуулук мөөнөтү ошол айдын акыркы күнү болуп саналат.

25 °C дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Ачылган флаконду 2 айдын ичинде колдонуу керек.
Препаратты суу түтүкчөсүнө таштабаңыз (куйбаңыз). Дарыкана кызматкеринен керегиз тийбей калган препаратты кантип жок кылууну сураңыз. Бул чаралар айлана-чөйрөнү коргоого жардам берет.

## 6. Таңакчанын курамы жана башка маалыматтар

**Боботик препараты төмөнкүлөрдү камтыйт:**
Таасир берүүчү зат болуп симетикон саналат.
1 мл эритмеде 66,66 мг симетикон бар (30% эмульсия түрүндө – 222,2 мг/мл).
Көмөкчү заттар: натрий сахаринаты, метилпарагидроксибензоат (Е 218), пропилпарагидроксибензоат (Е 216), натрий кармеллоза, моногидрат лимон кислотасы, малина жыт бергичи (этанолду камтыйт), тазаланган суу.

**Боботик препаратынын сырткы көрүнүшү жана таңгактын курамы**
Ичип кабыл алуу үчүн тамчылар.
Коюу, тунук эмес ак түстөн крем түспөлдүү ак түскө чейинки жемиш жыты бар суюктук.
Суюк катмарга жана чөкмөлөргө жол берилет, аны чайкагандан кийин бир тектүү эмульсия алынат.
Күңүрт айнек флакондордо 30 мл дан, полиэтиленден жасалган тамчылаткыч-тыгыны жана полиэтиленден жасалган бурама капкагы бар.
1 флакон кошумча баракчасы менен бирге картон кутуга салынат.

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси**
Польша
«ПОЛЬФАРМА» фармацевтикалык заводу АК
Пельплинска көч., 19, 83-200 Старогард Гдански
Телефон: +48 58 5631600
Факс: +48 58 5622353
Электрондук дареги: phv@polpharma.com

**Өндүрүүчү**
Польша
«ПОЛЬФАРМА» фармацевтикалык заводу АК
Серадзедеги Медана бөлүмү
Владислав Локетка көч., 10, 98-200 Серадз

**Препарат жөнүндө ар кандай маалымат алуу үчүн, ошондой эле арыз-доолор пайда**

**болгон учурда, каттоо күбөлүгүнүн ээсинин өкүлүнө же каттоо күбөлүгүнүн ээсине кайрылуу керек.**

Россия Федерациясы
«АКРИХИН» химиялык-фармацевтикалык комбинаты акционердик коому («АКРИХИН» АК)
142450, Москва обл., Богородский ш.а., Старая Купавна ш., Киров көч., 29
Телефон/факс: +7 (495) 702-95-03
Электрондук дареги: info@akrikhin.ru

Армения Республикасы
«ПОЛЬФАРМА» фармацевтикалык заводу АК
Пельплинска көч., 19, 83-20 0 Старогард Гданьски, Польша
Телефон: +995 593 212607
Электрондук дареги: maka.ketishvili@medpol.ge

Беларусь Республикасы
«Акрихин БиУай» ЖЧК
7-409, Бехтерев көч., 220026 Минск
Телефон/Факс: +375 17 368 59 98
Электрондук дареги: sergei.levyj@akrikhin.by

Кыргыз Республикасы
Кыргыз Республикасындагы «Химфарм» АК өкүлчүлүгү
Бишкек, Орозбеков көч., 52-54, 3-кабат
Телефон: +996312975635
Электрондук дареги: pvh-kg@santo.kz

**Кошумча баракча кайра каралып чыккан**

Бул препарат тууралуу толук маалымат Биримдиктин веб-сайтында камтылган https://eec.eaeunion.org/.